КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК- КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК- КӨЛ РАЙОНУ

ЖУСУП АБДРАХМАНОВ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА
ЖУСУП АБДРАХМАНОВА

Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл областы, Ысык-Көл району Жусуп Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү Кеңешинин кезексиз 5- сессиясы

## ТОКТОМ

20.03.2025ж. № 5-12

Ананьево а.

**"Ж.Абдрахманов айыл аймагынын Турак – жай коммуналдык чарбасы, жайыт пайдалануучулар муниципалдык мекемесинин лизингке техника алуу жөнүндө"**

Ж.Абдрахманов айыл аймагынын Турак – жай коммуналдык чарбасы, жайыт пайдалануучулар муниципалдык мекемесинин жетекчиси Бараканова А. жана айыл өкмөт башчысы Байгазаков Б.Т. маалыматын угуп, сунуштарын карап, талкуулап Ж.Абдрахманов айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Ж.Абдрахманов айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Ж.Абдрахманов айыл аймагынын Турак – жай коммуналдык чарбасы, жайыт пайдалануучулар муниципалдык мекемесине **Х6(6х4)самосвалын** жана **мусоровозду** лизингке алууга өздүк салым катары – 3000,0миң сом акча каражаты жана лизингтин төлөмдөрүн төлөөгө 2200,0миң сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттен бөлүнүп берилсин.
2. Тиешелүү иш кагаздарын даярдап, келишим түзүп, өздүк салым катары тиешелүү төлөмдөрүн төлөп туруу жагы Ж.Абдрахманов айыл аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Ж.Абдрахманов айыл аймагынын Турак – жай коммуналдык чарбасы, жайыт пайдалануучулар муниципалдык мекемесине милдеттендирилсин.
3. Ж.Абдрахманов айыл аймагынын Турак – жай коммуналдык чарбасы, жайыт пайдалануучулар муниципалдык мекемеси айыл чарба техникасын алууда Ж.Абдрахманов айыл аймагынын айыл өкмөтү бардык милдеттенмелерди аткарууда тилектештик кызматтык жоопкерчиликти аткаруучу катары катышууга укук берилсин.
4. Ж.Абдрахманов айыл аймагынын Турак – жай коммуналдык чарбасы, жайыт пайдалануучулар муниципалдык мекемеси техника алуу үчүн лизинг катары алынуучу техниканы алууда келишимдерди жана тиешелүү иш кагаздарын даярдап берүү жагы айыл өкмөт башчысы Байгазаков Б.Т. милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, финансы, экономика жана инвестиция тартуу боюнча комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Ш.Кыштобаев**

***Г.Стамова Жиберилди: Иш кагаздарына -1, айыл өкмөтүнө – 1.***